**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIX –СЕССИЯСЫ

**2025-жылдын 23-декабрь айы №93**

**Балыкчы шаардык кеңешинин 2025-жылдын 28- февралындагы №15 “Балыкчы жылуулук менен жабдуу” муниципалдык ишканасынын отканаларын жандандырып, ишке киргизүүгө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Финансы кредиттик фондунан бюджеттик кредит алганга жана күрөөгө коюуга макулдук берүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу**

Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27, 34 жана 39-беренелерине, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесине, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31 жана 78-беренелерине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 17-июлундагы №424 токтомуна ылайык Балыкчы шаардык кеңеши,

**токтом кылат:**

Балыкчы шаардык кеңешинин 2025-жылдын 28- февралындагы №15 “Балыкчы жылуулук менен жабдуу” муниципалдык ишканасынын отканаларын жандандырып, ишке киргизүүгө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Финансы кредиттик фондунан бюджеттик кредит алганга жана күрөөгө коюуга макулдук берүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1) 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

1. “Балыкчы жылуулук менен жабдуу” МИ төмөнкүлөргө макулдук берилсин:
   - Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен 27,0 млн. сом суммасында бюджеттик кредит алууга

   -Бюджеттик кредит боюнча милдеттенмелерин камсыздоо үчүн “Мамлекеттик финансылык холдинг” ачык акционердик коомуна “Балыкчы жылуулук менен жабдуу” МИнин №4 ПКМ отканасын жер участогу жана ичиндеги жабдуулары менен (баасы 13 263 846,28 сом) жана №15 Соң-Көл отканасын жер участогу жана ичиндеги жабдуулары менен (баасы 16 684 504,87 сом) күрөөгө коюуга макулдук берилсин.

2) 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

2. Балыкчы шаарынын мэриясы жана “Балыкчы жылуулук менен жабдуу” МИ белгиленген тартипте:
   - Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен кредиттик келишим жана “Мамлекеттик финансылык холдинг” ачык акционердик коому менен күрөө келишимин түзүү боюнча тиешелүү иштерди алып барышсын;

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн бюджеттик кредиттин максаттуу пайдаланышын жана өз убагында кайтарылышын камсыз кылышсын.

3) 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

Ушул токтом тиркемеси менен Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жана массалык- маалымат каражаттарына жарыялансын.

3. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актысы каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн жана массалык маалымат каражаттарына жарыялансын.
4. Кабыл алынган токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэринин орун басарына жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, мэрия-1, Балыкчы газетасына-1, “Балыкчы жылуулук менен жабдуу” МИ-1. ММБ-1, юст.башкармалыгы-1

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

**ТОКТОМ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**КЕЗЕКСИЗ VI-СЕССИЯСЫ**

**2025-жылдын 28- февраль айы №15**

**“Балыкчы жылуулук менен жабдуу” муниципалдык ишкананын отканаларын жандандырып, ишке киргизүүгө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен бюджеттик кредит алууга жана мүлктөрдү күрөөгө коюуга макулдук берүү жөнүндө**

*(Балыкчы шаардык кенештин 2025-жылдын 234-декабрындагы №93 токтомунун редакциясына ылайык*)

“Балыкчыдагы жылуулук менен жабдуу” муниципалдык ишканасынын (мындан ары “Балыкчы жылуулук менен жабдуу” МИ) №32 “Ийгилик” отканасын куруулга жана №17 “СМУ” отканасын кайра жандандыруулга сарпталуучу 54,4 млн.сом каражаттын эсебинен 9,3 млн. сомду кредит катары алууга жана ишканага тийиштүү мүлктү күрөөгө коюу боюнча Балыкчы шаарынын мэриясынын кайрылуусун карап чыгып, “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27, 35 жана 39-беренелерине, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесине, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31 жана 78-беренелерине ылайык, Балыкчы шаардык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. “Балыкчы жылуулук менен жабдуу” МИ төмөнкүлөргө макулдук берилсин:
   -Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинен 27,0 млн. сом суммасында бюджеттик кредит алууга;
   -Бюджеттик кредит боюнча милдеттенмелерин камсыздоо үчүн “Мамлекеттик финансылык холдинг” ачык акционердик коомуна “Балыкчы жылуулук менен жабдуу” МИнин №4 ПКМ отканасын жер участогу жана ичиндеги жабдуулары менен (баасы 13 263 846,28 сом) жана №15 Соң-Көл отканасын жер участогу жана ичиндеги жабдуулары менен (баасы 16 684 504,87 сом) күрөөгө коюуга макулдук берилсин.

2. Балыкчы шаарынын мэриясы жана “Балыкчы жылуулук менен жабдуу” МИ белгиленген тартипте:
   -Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен кредиттик келишим жана “Мамлекеттик финансылык холдинг” ачык акционердик коому менен күрөө келишимин түзүү боюнча тиешелүү иштерди алып барышсын;
   -ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн бюджеттик кредиттин максаттуу пайдаланышын жана өз убагында кайтарылышын камсыз кылышсын.

3. Балыкчы шаардык Кеңешинин 14-февраль 2025-жылдагы “Балыкчы жылуулук менен жабдуу” муниципалдык ишканасынын отканаларын жандандырып, ишке киргизүүгө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Финансы кредиттик фондунан **бюджеттик** кредит алганга жана күрөөгө коюуга макулдук берүү жөнүндө №8 токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

4. Балыкчы шаардык кеңешинин мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук актысы, ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн областтык юстиция башкармалыгына жиберилсин.

5. Ушул токтом тиркемеси менен Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жана массалык- маалымат каражаттарына жарыялансын.

6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, мэрия-1, Балыкчы газетасына-1, “Балыкчы жылуулук менен жабдуу” МИ-1. ММБ-1, юст.башкармалыгы-1

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТОКТОМ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIX –СЕССИЯСЫ

**2025-жылдын 23- декабрь айы №94**

**Балыкчы "Суу түтүкчөлөр" муниципалдык ишканасынын мүлктөрүн күрөөгө коюуга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27, 34 жана 39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесине, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31 жана 78-беренелерине ылайык, Балыкчы шаардык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Балыкчы "Суу түтүкчүлөр" муниципалдык ишканасынын 2018-жылдын 9-августундагы № 19-04-01/47 субкредиттик макулдашуусу боюнча милдеттенмелерин камсыз кылуу үчүн, "Мамлекеттик финансылык холдинг" ачык акционердик коомуна Балыкчы "Суу түтүкчүлөр" муниципалдык ишканасынын №1 жана №2 суу чордондорунун жер участокторун жана аталган ишкананын офисин күрөөгө коюуга макулдук берилсин.
2. Балыкчы шаарынын мэриясына, Балыкчы «Суу түтүкчөлөр» муниципалдык ишканасы тарабынан бюджеттик кредиттин максаттуу жана натыйжалуу пайдаланышын жана субкредиттик макулдашуунун шарттарына ылайык өз убагында кайтарылышын көзөмөлдөө жагы тапшырылсын.
3. Балыкчы «Суу түтүкчөлөр" муниципалдык ишканасы белгиленген тартипте "Мамлекеттик финансылык холдинг" ачык акционердик коому менен күрөө келишимин түзүү жол-жобосун жүргүзсүн;
4. Ушул токтом тиркемеси менен кошо Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жарыялансын.
5. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тийиштүү ченемдик укуктук акты каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү тиркемелери менен бирге ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Кабыл алынган токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин Экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, Балыкчы муниципалдык "Суу түтүкчөлөр" ишканасына-1, юст.башкармалыгы-1

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

# ТЕСКЕМЕ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIX –СЕССИЯСЫ

2025-жылдын 23- декабрь айы №9

**2026- жылга карата дем берүүчү грантка сунушталган долбоорлорго каралуучу өздүк салымдар тууралуу**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 1-март айындагы №103 “Долбоорлорду тандоо жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоо жөнүндө жобону жана Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускаманы бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык**,** Экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери жана Муниципалдык менчик, курулуш, архитектура, коммуналдык чарба, өнөр-жай, транспорт жана ишкерликти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиянын сунушун карап, талкуулап Балыкчы шаардык кеңеши

**ЧЕЧИМКЫЛАТ**:

1. 2026-жылга карата дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен кошо каржылоого жиберилүүчү долбоорлордун тизмеги №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бекитилген долбоорлордун үлүштүк (дем берүүчү) гранттык каражаттар боюнча кийинки уюштуруу иш чаралары КР финансы Министрлигинин Балыкчы финансы башкармалыгынын начальниги – К.Ш. Кожомбердиевге тапшырылсын.

3. Үлүштүк грантка сунушталган долбоорлор Балыкчы шаарынын 2026-жылдын стратегиялык өнүгүү планына киргизүү тапшырылсын.

4. Мамлекеттик тилде кабыл алынган тескеменин көчүрмөсү тиркемелери менен бирге Балыкчы шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтында жарыялансын.

5. Кабыл алынган тескеме кабыл алынган күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, мэрия-1, ММК-1, КР Финансы Министрлигинин Балыкчы башкармалыгына-1,. ММБ-1,

Балыкчы шаардык кеңешинин
XIX сессиясынын №9 тескемесине
1- тиркеме

**2026- жылга карата дем берүүчү грантка сунушталган долбоорлорго каралуучу өздүк салымдар тууралуу тизме:**

| № | Мекеменин аталышы | Долбоордун сметалык суммасы | Өздүк салымы | % |
|---|---|---|---|---|
| **1.** | Манас атындагы №10 жалпы билим берүү мектебинин имаратын капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүү” | 11098,0 | 6098,0 | 54,9 |
| **2.** | “№10 ”Жоогазын” мектепке чейинки билим берүү мекемесинин имаратын капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү | 9929,7 | 4929,7 | 49,6 |
| **3.** | “Жалпы дарыгердик практика борборунун имаратынын 2-кабатындагы жайгашкан төрөт, гинекология жана балдар бөлүмдөрүн капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү” | 9951,7 | 4951,7 | 49,8 |
| **4.** | Калыгул Бай уулу атындагы №7 жалпы билим берүү мектебинин имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү” долбооруна | 5896,0 | 896,0 | 15,2 |
| | | **36875,4** | **16875,4** | **45,8** |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**ТЕСКЕМЕ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XIX –СЕССИЯСЫ**

**2025-жылдын 23-декабрь айы №10**

## Үлүштүк дем ( берүүчү) гранттардын эсебинен кош каржылоого долбоорлорду тандоо боюнча шаардык комиссиянын курамын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025 жылдын 1-мартындагы №103 “Долбоорлорду тандоо жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоо жөнүндө жобону жана Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускаманы бекитүү тууралуу” токтомун аткаруу максатында Балыкчы шаардык Кеңешинин кезексиз сессиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ :**

1. Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен кош каржылоого долбоорлорду карап чыгуу жана бекитүү боюнча комиссиясынын курамы № 1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Тескеменин көчүрмөсүн тиркемелери менен Балыкчы шаарынын расмий веб-сайтына жайгаштырсын;

3. Ушул тескеме кабыл алган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Тескеменин аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын шаардык кеңештин экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев__**

Жиберилди: Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, ММБ-1,

Балыкчы шаардык Кеңешинин
XIX сессиясынын №10
тескемесине № 1 тиркеме

**Үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен кош каржылоого долбоорлорду карап чыгуу жана бекитүү боюнча комиссиясынын курамы :**

Жансеркеева М.М. – Шаардык Кеңештин экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиянын төрагасынын орун басары

Кожомбердиев К.Ш. - Кыргыз Республикасынын финансы Министрлигинин Балыкчы башкармалыгынын башчысы;

Сартова А.Ж. - Ысык-Көл облусунун ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктүн аппаратынын аймакты өнүктүрүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси;

Абыкаев Б.Д.- КР МК мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин түндүк аймактык аралык башкармалыгынын жетектөөчү адиси;

Абдразаков Ж.М.. – “Өркүндөп өссүн Балыкчым” Коомдук бирикемесинин жетекчиси

Бейшенбеков Т.К. – “Балыкчы” шаарынын “Ынсап элим” коомдук фондусунун жетекчиси;

Тологонов А.М. – “Балыкчы Достук Ынтымагы” КБ;

Бектиянов К. У. – “Балыкчы Жаштар Ынтымагы” коомдук бирикмесинин төрагасы, Балыкчы шаарынан консультативдик кеңешинин мүчөсү;

Жоломан уулу Мөлтүр -“Ак-Өлөң” жаштар бирикмеси;

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**ТЕСКЕМЕ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XIX –СЕССИЯСЫ**

**2025-жылдын 23-декабрь айы №11**

**Балыкчы шаардык Кеңешинин 2026-жылга карата иш планын бекитүү жөнүндө**

Балыкчы шаардык кеңештин милдеттерин натыйжалуу пландоо, ошондой эле 2026-жылы жергиликтүү кеңештин сессияларында каралуучу маселелерди аныктоо максатында, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 39 жана 34-беренелерине ылайык, Балыкчы шаардык кеңештин Регламентине ылайык,

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. Тиркемеге ылайык 2026-жылга Балыкчы шаардык кеңештин иш планы алымча, кошумчалары менен бекитилсин.
2. Туруктуу комиссиялардын төрагалары жана шаардык кеңештин жоопту катчысы 2026-жылга карата Балыкчы шаардык кеңешинин иш планын негизинде 2026-жылга туруктуу комиссиялардын иш планын иштеп чыгуу үчүн туруктуу комиссиялардын отурумдарын уюштурсун.
3. Туруктуу комиссиялар 2026-жылга карата Балыкчы шаардык кеңешинин иш планын негизинде иштелип чыккан иш пландары бекитилсин
4. Ушул тескеменин аткарылышын контролдоо шаардык кеңешинин төрагасынын орун басарына жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Туруктуу-комиссияларга

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

**ТЕСКЕМЕ**
**БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН**
**XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**XIX –СЕССИЯСЫ**

**2025-жылдын 23-декабрь айы №12**

**“Балыкчы” шаардык коомдук-саясий гезитинин атайын эсебиндеги калдык жөнүндө**

Балыкчы шаарынын мэриясынын 2025-жылдын 19-сентябрындагы №86 токтомунун негизинде “Балыкчы” шаардык коомдук-саясий гезити жоюлгандыгын эске алып, Экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча депутаттык комиссиянын сунушун карап талкуулап Балыкчы шаардык кеңеши

чечим кылат

1. “Балыкчы” шаардык коомдук-саясий гезитинин атайын эсебинде калган 2129,16 (эки миң бир жүз жыйырма тогуз сом, он алты тыйын) сом калдык мамлекеттин пайдасына (жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө) которулсун

2. Бөлүнгөн акча каражатынын суммасын белгиленген максатта пайдалануу, координациялоо жана маалымат берүү жагын КР финансы Министрлигинин Балыкчы финансы башкармалыгынын начальниги - К.Кожомбердиевге тапшырылсын.

**3.** Тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаарынын мэри Б.Жантаевге жана шаардык кеңештин алдындагы экономика, салык, бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди: иш кагаздарына- 1, мэрияга-1, шаардык финансы башкармалыгына-1,